**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №25 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 16-апрели — Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М., Кадыров К.

## Күн тартиби:

1. **Катта-Талдык айылдык кеңешинин Кызыл-Ордо шайлоо округунан талапкерлер Н.Абдырахманов, К.Кенжебаев ж.б арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, Катта-Талдык айылдык кеңешинин Кызыл-Ордо шайлоо округунан талапкерлер тобу арыз менен кайрылган. Арызда №4 6 мандаттуу Кызыл-Ордо шайлоо округунда калктын саныан жараша мандат берилбегендиги, шайлоодо мыйзам бузуу көп болгондугу, жарандардын эркин шайлоодон өтүүсүнө шарт түзүлбөгөндүгүн, шайлоо күнү үгүт иштери жүргөнжүгүн, добуш сатып алуулар болгондугун белгилеген. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы арызды Кара-Суу райондук ички иштер болүмүнө өткөрүп берген.

Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмү тарабынан иликтөө иштери жүрүп арызданууЧулар Н.Абдыраманов, К.Арзыматов, С.Мамасадыков, П.Пирназаровдор өздөрүнүн түшүнүк каттарында шайлоо учурунда талапкер болуп катталышканын, мыйзам бузуулар болбогондугун, айылдын тургундары шайлоо мыйзамсыз өттү деп арыз жазышканда, ал арызды окубай эле кол коюр бергендигин билдиришкен. №5259, №5537 сандуу шайлоо участкасынын комиссия мүчөлөрү Э.Пирназарова, Г.Акматова, С.Нурматогв, Н.Темирова, З.Тажикбаевалар өздөрүнүн түшүнүк каттарында, шайлоо таза өткөндүгүн, эч кандай мыйзам бузуулар болбогондугун билдиришкен. Жогорудагылардын негизинде Кара-Суу райондук ички иштер бөлүмү окуя боюнча далилдер жок болгондуктан, топтолгон материалды номенклатуралык делого тигилгендигин билдирди.

№4 6 мандаттуу Кызыл-Ордо шайлоо округу "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо" жөнүндөгү мыйзамына ылайык түзүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде Кызыл-Ордо шайлоо округундагы участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, арызданууЧу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартуу сунушун добушка койом.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 11,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Кызыл-Ордо шайлоо округунан Катта-Талдык айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлер Н.Абдыраманов, К.Кенжебаев ж.б. Кызыл-Ордо шайлоо округундагы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, арызданууучу тараптын сунушун канааттандыруудан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** — **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** — **Ж.Молдожанова**